**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

**( И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик**

**университети - тең уюштуруучу)**

**Д 13.06.331. Диссертациялык кеңеши**

Кол жазма укугунда
УДК 371.1(575.22)(043.3)

**Аман кызы Бакыттүл**

# МЕКТЕПТЕ АДАБИЯТТЫ ОКУТУУДА ЖАЗУУ ЖУМУШТАРЫН ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ИЛИМИЙ- МЕТОДИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13.00.02 - окутуунун теориясы жана методикасы

**(кыргыз адабияты)**

**Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын**

**изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек – 2008

Диссертациялык иш Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасында аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | педагогика илимдеринин доктору , профессор **Ишекеев Н.И** |
| **Расмий оппоненттер:** | педагогика илимдеринин доктору, доцент **Рысбаев С.К.** |
| | педагогика илимдеринин кандидаты, доцент **Саалиева Д. Т.** |
| **Жетектөөчү мекеме:** | К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин кыргыз адабияты жана педагогика кафедралары |

Диссертация 2008-жылдын « 20» ноябрында саат 16.00 дө Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы (И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети – тең уюштуруучу) педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д.13.06.331 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги : 720040, Бишкек шаары, Эркиндик проспектиси,25.
Диссертация менен Кыргыз билим берүү академиясынын
Илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат 2008-жылдын «20» октябрында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, улуу илимий кызматкер** — **Ибраева Н.И.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Коом улам прогресске умтулуп, илим менен техниканын өсүшү адамдардын ар тараптан сабаттуу болушун талап кылат. Тилекке каршы, заманбап технологиялар, компьютерлештирүү инсандардын тилдик сабаттуулугун чектеп, башкы көңүл грамматикага, ойду так жана туура жаза билүү маданиятына бурулбай, информатикадагы жана электроникадагы символдорго, монитордон көрүнгөн ар кыл белгилерге, телеэкрандагы сүрөттөргө бурулууда. Азыркы дүйнөдөгү «технологиялык революциялар», «бүткүл дүйнөлүк компьютерлештирүү» жана балдардын акыл-оюн улам өзүнө багындырып жаткан интернет системасы келечек муундун жазуу жумуштарын сабаттуу жүргүзүүсүнө терс таасирин тийгизип жатат. Мына ушундай шартта окуучуларды мектеп практикасында жазуу иштерине үйрөтүү, алардын өз оюн ырааттуу, так, таамай жана сабаттуу билдирүүсүнө жетишүү – учурдагы билим берүү тармагынын орчундуу проблемаларынын бири. Мына ушул проблемага ар тараптуу баа берүү жана аны жакшыртуунун жол-жоболорун, ыкмаларын табуу мугалимдердин, методисттердин, илимпоздордун бирдиктүү иш аракетинин натыйжасы болуп саналат.

Мектеп практикасында жазуу жумуштарынын өз деңгээлинде жүргүзүлбөй жаткандыгынын бир себеби аларды аткаруунун илимий-методикалык негиздери ырааттуу түрдө иштелип чыкпагандыгы жана мугалимге жол көрсөтөр ыкмалардын жетишсиздиги, практиктердин тажрыйбаларынын ар тараптуу үйрөнүлбөгөндүгү жана кеңири жайылтылбагандыгы менен түшүндүрүлөт.

Учурдагы кыргыз адабияты боюнча окуу процессинде, сабактан тышкаркы учурларда жазуу жумуштары үчүн атайын сааттар бул же тигил чыгармаларды үйрөнүүдө, үй тапшырмаларында жетиштүү убакыттар бөлүнүп келе жатса да, аларды натыйжалуу пайдалануунун илимий негиздери иштелип чыкпагандыгы, окуучулардын оозеки, жазуу маданиятынын ортосундагы карама-каршылыктар жана бул проблеманы системалаштыруу зарылдыгы ушул теманы тандап алуунун актуалдуулугун шарттады.

**Маселенин иштелип чыгыш деңгээли.** Окумуштуу-методисттер В.Я.Стоюнин, В.И.Водовозов, В.П.Остогорский, Ц.П.Балталон, В.В.Данилов, Н.Н.Соколов, М.А.Рыбникова, Л.С.Троицкий, В.В. Голубков, Я.А.Родкевич, Г.А.Буковский, Н.В.Колокольцев, Н.Д.Молдовская, Н.И.Кудряшев, А.Н. Докусева, Г.И.Беленький, В.Г. Маранцмян, З.Я. Рез, М.Г. Качурин жана башкалар жазуу иштеринин теориясына жана практикасына олуттуу салым кошушкан.

Окумуштуу К.Иманалиевдин китептеринде кыргыз адабиятын мектептерде окутуу процессинде жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн айрым жалпы маселелери каралат. Адабиятты окутуунун тарыхын жана проблемаларын изилдеген Н.Ишекеевдин эмгегинде жазуу иштерин

жүргүзүүнүн тарыхына кыскача анализ жасалат. Бул багытта атайын изилдөө катары Б. Алымовдун "Жогорку класстарда жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн айрым маселелери" (1968), "Мектеп сочинениеси" (1982), С. Рысбаевдин "Окуучунун дилбаяны" деген китеби (1998) жана А. Муратовдун «Дилбаян сырлары» (2004) аттуу окуучулар үчүн колдонмосу жарык көргөн. Бул китептер мектепте жүргүзүлүүчү жазуу жумуштарынын түрлөрүнүн тигил же бул проблемаларын иштеп чыгуу менен өз кезегинде мектеп мугалимдери үчүн практикалык чоң милдетти аткарган. Бирок, аларда жазуу жумуштарын системага салуу жана жалпылаштыруу проблемалары каралган эмес. Ошондой эле ал эмгектерде үлгү катары келтирилген айрым бир жазуу жумуштары азыркы доорго, бүгүнкү окуучулардын талабына ылайык келбей калгандыгы байкалат

Кыргыз адабиятын окутуу боюнча жазылган диссертацияларда жана методикалык колдонмолордо, мисалы, «Манас» эпосу (Б.Оторбаев, Д.Саалиева), фольклордук чыгармалар (Т.Молдогазиев, С.Рысбаев), жалпы эл акындарынын чыгармачылыгы (А.Турдугулов, А.Калдыбаева), А.Токомбаевдин (Б.Алымов), Т.Сыдыкбековдун (Н.Жапаралиева), Ч.Айтматовдун (К.Момбеков, А.Мамбеталиев, И.Исамидинов, Б.Байсабаев, А.Муратов), Б. Алыкуловдун (Г.Галиева), М.Элебаевдин (К.Сабаева), Т.Сатылгановдун (З.Усубалиев), А.Осмоновдун (Т.Мусанбетов) өмүрүн, чыгармаларын мектепте окутуу тууралуу, лирикалык чыгармалар (С.Момуналиев), драмалык чыгармалар (С.Батаканова, Ж.Уразова), предмет аралык байланыш жана факультативдик сабактар (Ү.Култаева, С.Мойдунова), адабият теориясын окутуу (И.Исамидинов, А.Муратов), кыргыз повесттери (О.Шаимкулов), поэмалары (А.Эшиев), обзордук сабактар (К.Кенжешов) ж.б. авторлор изилдөөлөрдү жүргүзүү учурунда өз темалары боюнча жазуу иштерин өткөрүүнүн да жол-жоболору, ыкмалары тууралуу айрым ойлорун айтышкан, сунуштарын киргизген. Бирок, алар өз иликтөөлөрүнүн милдеттерине ылайык гана иш жүргүзүшүп, атайын жазуу иштеринин табитин системалуу ачып берген эмес жана ал боюнча кеңири жалпылоолорду чыгарышпаган.

Ушундан улам биздин изилдөөдө жалпы билим берүүчү мектептерде жазуу жумуштарынын теориясын жана методикасын өркүндөтүү проблемасы эң алгачкы жолу каралып олтурат.

**Изилдөөнүн проблемалуулугу:** Мектептерде кыргыз адабиятын үйрөнүү процессинде жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн илимий-теориялык маселелери боюнча атайын, ырааттуу илимий изилдөөнүн жүргүзүлбөй жаткандыгы, практикалык багытта окуу-методикалык комплекстердин жоктугу, алдыңкы мугалимдердин натыйжалуу тажрыйбаларынын системага салынып, жалпылаштырылбагандыгы биздин бул изилдөөбүздүн проблемалуулугун аныктайт.

**Изилдөөнүн максаты:** Мектепте адабиятты окутууда жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн жана аларды өркүндөтүүнүн илимий негизделген методикасынын системасын иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн объектиси:** Орто мектептердеги кыргыз адабияты предметин окутуу процессиндеги дилбая,баяндама жазуу жумуштары.

**Изилдөөнүн предмети:** Орто мектептердеги кыргыз адабияты сабагында жүргүзүлүүчү жазуу жумуштарынын мазмуну жана системасы, алардын илимий-методикалык негиздери.

Диссертациянын **илимий божомолу (гипотезасы)**. Орто мектепте окуучуларды жазуу жумуштарына үйрөтүүнүн натыйжалуулугуна жетишүүгө болот, эгерде:

-адабият сабагы боюнча жазуу иштеринин теориясы жана практикасы аналитикалык талдоого алынганда;

-мектепте адабият сабагын окутууда жазуу иштеринин түрлөрү системалуу пайдаланылганда;

-жазуу иштерин уюштурууда окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө көңүл бөлүнүп, жазуу маданиятын, чыгармачыл ой жүгүртүүсүн өнүктүргөндө;

-жазуу жумуштары окуу программасына ылайык методикалык жактан туура уюштурулганда.

**Белгиленген илимий божомолго таянып, изилдөөнүн төмөндөгүдөй милдеттери аныкталды:**

1.Методика илиминин тарыхындагы жазуу жумуштарынын теориясынын жана практикасынын иштелип чыгыш деңгээлин аныктоо.

2.Окуучулардын адабий билимдерин бышыктоодо жазуу жумуштарынын функцияларын тактоо, өркүндөтүү жана сапатын көтөрүүнүн жолдорун иликтөө.

3.Дилбаян жана баяндама жумуштары боюнча учурдагы ийгиликтердин, кетирилип жаткан кемчиликтердин себеп жана натыйжаларын аныктоо.

4.Жазуу жумуштарын өркүндөтүүнүн натыйжалуу мазмундарын жана илимий негизделген методикасын иштеп чыгуу.

5. Окуучулардын жазуу жумуштары боюнча эксперимент иштерин жүргүзүү жана алардын жыйынтыктарын жалпылаштыруу.

**Изилдөөнүн методологиялык-теориялык негиздери** - адамзаттын алдыңкы ойчулдарынын философиялык көз караштары, таанып-билүүнүн диалектикалык методдору, педагогикалык ишмердүүлүктү анализдөөнүн илимий-теориялык концепциялары, педагогика, психология, тил жана адабият таануу, дидактика, адабиятты окутуу методикасы, окутуунун жаңы технологиясы боюнча теориялык эмгектер, жазуу жумуштары боюнча чет

элдик жана кыргызстандык окумуштуулардын көз караштары, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын билим берүү, илим министрлиги бекиткен "Адабий билим берүүнүн мамлекеттик стандарты" ж.б.

**Изилдөөнүн методдору** :

*1) Теориялык:* философия, тилтаануу, эстетика, адабияттаануу, психология, педагогика, адабиятты окутуу методикасы боюнча эмгектерге теориялык анализ жүргүзүү. *2) Педагогикалык:* окуучулардын жазуу жумуштарын анализдөө; мугалимдердин жазуу жумуштарын жүргүзүү, текшерүү, баалоо процесстерин үйрөнүү; сабактарга талдоо; окуучуларды жана мугалимдерди сурамжылоо, аңгемелешүү өткөрүү; окуу программаларын, окуу китептерин, методикалык колдонмолорун талдоо жана алардан жыйынтык чыгаруу.

*3) Эксперименталдык:* педагогикалык экспериментти уюштуруу жана өткөрүү.

*4) Статистикалык*: жеке тажрыйбабызды, педагогикалык эксперименттин материалдарын талдоо жана алардын жыйынтыктарын жалпылоо.

**Изилдөөнүн этаптары.** Изилдөө 2001-2007-жылдарда үч этапта жүргүзүлүп, эксперименттик база катары Нарын районундагы А.Табалдиев, Нарын шаарындагы №4- Э.Ибраев, №9- А.Садыков, Кочкор районундагы Н.Жүндүбаева, Ат-Башы районундагы Ж.Шералиев атындагы мектептер, Нарын областтык академик Ү.Асанов жана М.Субакожоев атындагы кыргыз-түрк лицейлери тандалып алынды.

*<u>Биринчи этапта</u> /2001-2003 жылдар/* проблеманын теориялык жактан изилдениши жана практикадагы абалы үйрөнүлдү. Нарын шаарындагы С.М.Киров атындагы мектепте иштөө менен констатациялоочу эксперимент өткөрүлүп, жазуу жумуштары мектептерде кандайча жүргүзүлүп жаткандыгына жана анын оош-кыйыштарына байкоо салынды, илимий иштин негизги багыттары аныкталды.

*<u>Экинчи этапта</u> /2003-2005- жылдар/* тема боюнча илимий жыйынтыктарга келип, жазуу иштерин жүргүзүү үчүн илимий-методикага негизделген эксперименталдык материалдар такталып, базалык мектептердин мугалимдери менен бирдикте үйрөтүүчү эксперименттин жүрүшүндө алар сыноодон өткөрүлүп, жазуу иштери жүргүзүлүп, натыйжалары талдоого алынды. Мектеп мугалимдеринин иш тажрыйбаларын үйрөнүп анализдедик. Жазуу иштерин жүргүзүүнүн кыргыз мектептериндеги тарыхын, илимий адабияттарды анализдөө улантылды.

*<u>Үчүнчү этапта</u> /2005-2007- жылдар/* биринчи жана экинчи этаптагы илимий ой-корутундуларыбыздын тууралыгын,текшерүүчү

эксперименттин жүрүшүндө мектеп практикасына алгылыктуулугун аныктоо үчүн методикалык сунуштарыбыздын, практикада колдонгон ыкмаларыбыздын ынанымдуулугун дагы бир жолу илимий жактан текшерүүдөн өткөрдүк, кээ бир учурларды кайрадан тактадык, диссертацияга ылайыктап, илимий ишти жыйынтыктадык.

**Диссертацияны коргоого коюлган негизги жоболор:**

— кыргыз адабиятын окутуу процессинде жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн тарыхый өнүгүшү, өзгөчөлүктөрү, жетишкендиктери, кемчилдиктери жана азыркы учурдагы абалы;

— кыргыз адабиятын окутуу процессинде жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн жана аны аткарууга окуучуларды үйрөтүүнүн методикалык-психологиялык негиздери;

— кыргыз адабиятын окутууда жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн системасы жана аны өркүндөтүүнүн натыйжалуу технологиялары.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

— мектептерде жазуу жумуштарынын тарыхый тамырлары жана учурдагы абалынын изилденгендигинде;

— мектептерде жазуу жумуштарын натыйжалуу өткөрүүнүн жана аны өркүндөтүүнүн методикалык негиздеринин иштелип чыккандыгында;

— окуучулардын жазуу иштерине баа берүүнүн жаңы ыкмаларынын жана ага коюлуучу талаптардын сунушталгандыгында;

— жазуу жумуштарынын түрлөрү, системасы жана аларды өткөрүүнүн технологиясы мектеп практикасына сунушталгандыгында.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Изилдөөнүн корутундусунда биз сунуш кылган тыянактар окуу программаларын иштеп чыгууда, окуу китептерин түзүүдө, методикалык колдонмолорун жазууда, кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалимдерин даярдоодо, алардын квалификациясын жогорулатууда жана мектептеги адабият сабагында колдонулат.

**Изилдөөнүн материалдарынын негизделгендиги жана ишенимдүүлүгү:** Проблеманы чечүүдө анын илимий негизделген методологиясынын болушу, изилдөөнүн максатына, милдеттерине ылайык методдордун комплексинин колдонулушу жана педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө алынган оң натыйжалар аркылуу бекемделет.

**Илимий изилдөөбүздүн натыйжаларын тастыктоо.** Иштин жыйынтыктары Нарын мамлекеттик университетинин Окумуштуулар Кеңешинин, кафедранын жыйындарында(2001-2007-жылдар), Кыргыз улуттук университетинин кыргыз тилин жана адабиятын окутуунун методикасы кафедрасынын кеңейтилген жыйынында (2007), илимий-практикалык конференцияларда (И.Арабаев атындагы КМУ 2006-ж.,2007-

ж, К.Карасаев атындагы ЫМУ 2005-ж., Ж.Баласагын атындагы КУУ 2006-ж., НМУ 2001-2007жылдар), мектептердин педагогикалык кеңештеринде талкууланып, студенттерге окулган лекцияларда, практикалык-семинардык сабактарда, мектеп мугалимдеринин сабактарына анализ берүү учурунда, окуучулардын жазуу жумуштарын текшерүүдө, баалоодо, тема боюнча жазылган макалаларда биздин илимий тыянактарыбыз туура жана ишенимдүү экендиги ырасталды.

**Изилдөөдөгү изденүүчүнүн илимге жекече кошкон салымы:**

— мектепте адабият сабагында жазуу иштерин жүргүзүү боюнча алдын ала жана негизги педагогикалык эксперимент жүргүзүлүп, натыйжалары талданып, жазуу иштерин өркүндөтүүдө керек болгон теориялык жана практикалык сунуштар жасалды;

— жазуу иштеринин түрлөрү, системасы, методикасы жана аларды өткөрүүнүн технологиясы аныкталды;

— жазуу иштерин жүргүзүү боюнча мугалимдер үчүн методикалык семинарлар жүргүзүлдү.

**Диссертациянын түзүлүшү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, эки главадан жана алардан келип чыккан корутундулардан, жалпы бүтүмдөрдөн, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен, таблицалардан турат.

**Кириш сөздө** теманын актуалдуулугу, проблемалуулугу далилденди, изилдөөнүн максаты менен милдеттери, гипотезасы, методдору аныкталды, илимий жаңылыгы менен практикалык мааниси, коргоого алып чыгуучу жоболор, изилдөөнүн натыйжаларын апробациялоо чагылдырылды.

**Биринчи глава** "Кыргыз адабиятынан жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн тарыхы, жалпы өзгөчөлүктөрү жана өркүндөтүүнүн жолдору" деп аталат. Главада кыргыз адабияты боюнча жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн теориялык жана практикалык абалы, анын тарыхы, окуу программаларында, окуу китептеринде берилиши, жалпы бөтөнчөлүктөрү, учурдагы проблемалары жана өркүндөтүүнүн жолдору каралган.

**Экинчи глава** "Жалпы билим берүүчү орто мектептерде кыргыз адабиятынан жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн илимий- методикалык негиздери" деп аталып, анын мазмуну жана формалары, ага үйрөтүүнүн ыкмалары жана жолдору талдоого алынып, педагогикалык эксперименттин уюштурулушу, жыйынтыктары чагылдырылды.

**Жалпы жыйынтыкта** изилдөөнүн мазмуну боюнча негизги корутундулар жана сунуштар берилди.

## Иштин негизги мазмуну

**Биринчи главада** кыргыз адабияты боюнча жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн теориялык жана практикалык проблемалары жана аны өркүндөтүүнүн жолдору каралган. Билим берүү тармагындагы бул же тигил проблеманын терең изилдениши, сөзсүз түрдө ошол маселенин окуу программаларында, окуу китептеринде, окуу-методикалык колдонмолорунда орун алышы менен байланышат.

Жыйырманчы кылымдын 20-30- жылдарында кыргыз мектептери үчүн алгачкы окуу программалары, окуу китептери түзүлүп, ага ылайык жазуу жумуштары жүргүзүлгөн. Бул мезгилдерде жазуу жумуштарында негизги көңүл сабаттуу жазууга, кат таанууга гана бурулган. Жазуу жумуштарын азыркыдай ар тараптуу аткартууга илимий да, практикалык да негиздер жок эле.

Кыргызстандын мектептери үчүн Москвадан чыккан «Башталгыч жана орто мектеп жөнүндө» (1931-ж.), «Башталгыч жана орто мектептеги программа жана тартип жөнүндө» (1932-ж.), «СССРде башталгыч жана орто мектептин структурасы жөнүндө» (1934-ж.) ж.б.партиялык, өкмөттүк токтомдор жана алардын негизинде биздин республикада түзүлгөн иш чаралар билим берүү тармагында бир кыйла прогрессивдүү жетишкендиктерге негиз болду. «Айыл-кыштак башталгыч мектептеринин программасы: I-IV топтор үчүн» (1932-ж.) деген алгачкы программа негизинен орус адабиятын окутуунун методикасын жетекчиликке алуу менен түзүлгөн. Бул жылдарда кыргыз адабияты боюнча окуу китептери да түзүлбөгөн.

Кыргыз адабияты предмети боюнча 8-10-класстар үчүн биринчи окуу программасы 1941-42- окуу жылына карата түзүлгөндөн баштап улуттук адабият предмет катары жогорку класстарда окутула баштады. Улуу Ата мекендик согуштан кийинки түзүлгөн программада материалдар үч бөлүккө бөлүнүп берилген: биринчиси- тексттерди окуу; экинчиси- сөз өстүрүү; үчүнчүсү- адабият теориясы. Мына ушулардын ичинде сөз өстүрүү жумуштарына да орун ыйгарылган. Мисалы, 5-класстын 65 саатынын 17 сааты, 6-класста бул иштерге 16 саат, 7-класста 16 саат бөлүнгөн.

40-жылдардын 2-жарымынан – тартып, жазуу жумуштарына байланыштуу К.А.Бадыкованын, А.Дыйкановдун, К.Сартбаевдин макалалары жарык көргөн. Методист К.Бадыкова орус методика илимине таянуу менен жазуу жумуштарынын өзгөчөлүгүнө карата аларды эки түргө: суроо-жооп аркылуу жана план түрүндө жазыла турган иштер деп

ажыраткан. Ал баяндаманы (изложениени) өтмө кат деп атап, анын кыска жана толук түрдөгү эки формасы болоруна токтолот. Өздүк катты (дилбаян) түрүнө карата үчкө ажыратат. Окумуштуу-методист А.Н.Шнейдман өз эмгегинде дилбаянды типтерине карай үйрөтүү жана текшерүү дилбаяндары деп караган. 1950-1975-жылдары Б.Кулдашов, Д. Исаев, Э. Бердибаев, А. Ашубаев, К.Иманалиев, Б.Алымов, Б. Исаков, А. Козуева жана башкалардын мектептердеги жазуу иштерине байланыштуу эмгектери жарык көргөн. 1980-2000 жылдарда жазуу иштерине байланыштуу окумуштуулардын эмгектери диссертацияда кеңири талданган.

С.Байгазиев жана А. Муратов тарабынан түзүлгөн соңку окуу программаларында жазуу жумуштары көркөм адабий чыгармалар окулуп бүткөндөн кийин V класстан XI класска чейин 14 сааттан 18 саатка чейинки өлчөмдө бөлүнгөн. Авторлордун жазуу жумуштарын сөз өстүрүү жумуштары менен бирге бергендигин колдоого болот.

Диссертацияда окуу программасын, окуу китептерин талдап чыккандан кийин алардагы жазуу жумуштарынын берилиши боюнча төмөнкүдөй жыйынтыктарга келдик:

- жогорудагы окуу программасында жана окуу китептеринде жазуу жумуштары боюнча суроо-тапшырмалардын гана берилиши окуучу жана мугалим үчүн жеткиликсиз, алардын азыркы талабын канааттандыра албайт;
- окуу китептеринде берилген жазуу жумуштарынын түрлөрү, формалары өтө чектелүү жана алар окуучулардын бул тараптагы билимин көтөрүүгө анчалык ылайыкталган эмес;
- окуу китептеринде жазуу жумуштары системасыз берилет;
- жазуу жумуштарын окуу программасына, окуу китептерине, окуу-методикалык башка документтерге киргизүүнүн илимий негиздери иштелип чыкпаган, а түгүл учурдагы абалын терең талдаган мониторинги да жүргүзүлбөгөн, натыйжада окуу китебин түзүүчүлөр, жазган авторлор андай материалдарды системасыз жана илимий негиздерге таянбай сунуш кыла берет;
- өйдөкүдөй окуу китептеринде орун алган кемчиликтер азыркы учурда кыргыз балдарынын жазуу маданиятын жогорулатууга кедергисин тийгизип жатат ж.б.

Жогорудагылардан улам биз окуу программасын жана окуу китептерин жазуу жумуштары боюнча өркүндөтүү үчүн төмөнкүдөй сунуштарды киргизебиз:

1. Окуу программасында жазуу жумуштарын 14 саат, 18 саат деп жылдык саатын берип койбостон, кайсыл темадан кийин, кандай жазуу

жумушун, канча саат менен жүргүзүү керектигин программада так көрсөтсө.

2. Кыргыз адабияты программасында жазуу жумуштары жана алардын түрлөрү бул же тигил чыгарманын көркөм-эстетикалык табиятына, жанрдык касиетине бап берилип, тийиштүү аннотациялар менен жабдылса.

3. Окуу китептерин жазгандар суроо жана тапшырма берүүдө бул же тигил темада дилбаян, реферат, доклад жазгыла дегендей чолок суроолордун ордуна терең жана кенен түшүндүрмөлөр аркылуу туюндурулса. Конкреттүү тапшырмалар сунушталса.

4.Окуу китептеринин методикалык аппараттарында жазуу жумуштарына байланыштуу аткарылуучу билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр туруктуу берилсе.

5.Айрым окуу китептеринде жазуу жумуштарынын үлгүлөрү берилсе.

Изилдөөнүн жүрүшүндө жазуу жумуштары дегенде мектеп мугалимдери да, окуучулар да көбүнчө кыргыз тилинен жат жазууну (диктант), кыргыз адабиятынан дилбаянды (сочинение) түшүнүшө тургандыктарын байкадык. Жазуу иштеринин калган түрлөрү жана аларды натыйжалуу өткөрүүнүн методикасы тууралуу анчалык ойлонушпайт. Мунун негизги себептери төмөнкүлөр менен байланышат:

– жогорку окуу жайларынын кыргыз тили жана адабияты факультеттеринде студенттерди даярдоодо жазуу иштеринин жогорудагылардан башка түрлөрүнө адабий-методикалык билимдердин берилбегендиги;

– жат жазуу, баяндама (изложение), дилбаян үчөөнөн башка түрлөрү боюнча методикалык адабияттардын аздыгы, диссертациялык планда изилдөө иштеринин жүргүзүлбөгөндүгү;

– мектеп мугалимдеринин жазуу иштеринин ар кандай түрлөрүн колдонууга маани бербегендиги.

Б. Алымов «Мектеп сочиениеси философиялык, илимий же саясый кеңири диапозондогу ойду камтый албайт, анда жаңы ачуулар, теориялар, өзгөчөлөнгөн эрежелер менен жоболор да болбойт»-деп көрсөткөн. Ошондой болсо дагы дилбаянды жазуу окуучудан өз оюн сабаттуу, адабий тилде, орфографиялык эрежелерди сактоону талап кылат.

Ал эми А. Муратов мектеп практикасында дилбаяндар көркөм, публицистикалык, илимий стилде жазылып жүргөндүгүн белгилеген. Изилдөөнүн жүрүшүндө мектеп окуучуларынын 1600 дилбаянын анализдедик. Дилбаяндардын 89%и кара сөз менен, 5%и ыр, 4%и драма түрүндө жазылса, калган 2%инде үч түрдүн аралаш жазылгандыгы белгилүү болду. Талдоонун жыйынтыктарынын негизинде

дилбаяндар боюнча азыркы мектеп практикасында орун алган төмөндөгүдөй кемчилдиктер аныкталды:

1. Дилбаяндар, алардын түрлөрү, мектептердеги абалы, себеп жана натыйжалары боюнча жогорку деңгээлде иликтенген илимий адабияттардын жоктугу.

2. Дилбаяндар боюнча чыккан методикалык колдонмолордун өтө аз санда басылгандыгы жана алардын библиографиялык сейректикке айланып кеткендиги.

3. Орус, англис, казак, украин тилдериндегидей дилбаяндар жыйнактарынын көп нускада китеп формасында чыкпагандыгы, интернет сайттарына киргизилбегендиги.

4. Жогорку окуу жайларында болочоктогу адабият мугалимдеринин дилбаян жазып машыкпагандыгы, демек, мугалимдердин өздөрүнүн дилбаян жазуу боюнча билимдеринин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн жеткиликтүү эместиги.

5. Окуучуларга үйдө жардам берүүчү ата-энелердин өздөрүнүн дилбаян жазуу боюнча тажрыйбаларынын жоктугу.

6. Дилбаян жазуу боюнча мектепте, мектептер аралык, райондук (шаардык), областтык, жалпы республикалык ар түрдүү конкурстардын тез-тез өтүп турбагандыгы.

7. Дилбаянды мезгилдүү басылмада жарыялоону, радио-телевидение аркылуу уктуруунун ырааттуу практикаланбагандыгы.

8. Жогорку окуу жайына кабыл алуу экзамендерине дилбаяндардын киргизилбегендиги жана жалпы республикалык тестирлөөдө ал боюнча тапшырмалардын жоктугу ж.б.

Кыргыз адабияты сабагы чыгармалардын идеяларын терең түшүнүп, каармандардын образын туура аныктоо, окуяларды айтып берүү менен гана чектелген оозеки сүйлөөгө негизделген предмет эмес, анда программада сунуш кылынган чыгармалар боюнча окуучулардын жазуу иши боюнча көндүмдөрүн, ыктарын жана машыгууларын калыптандыруу, жазуу речин өстүрүү да башкы милдет болууга тийиш.

Баяндаманы өткөрүү методикасы өткөн кылымдын 60-жылдарында гана колго алынды. Баяндама жүргүзүү жазуу жумуштарынын ичинен окуучулардын кабыл алуусун, текстти түшүнүүсүн, ой жүгүртүүсүн, стилин калыптандырууда өтө чоң мааниге ээ. Ошондуктан баяндаманы кыргыз адабияты сабактарында да өткөрүү зарыл. Биздин эксперименттик тажрыйбаларыбыз баяндамалар боюнча төмөнкүдөй кемчилдиктердин кетип жаткандыгын көрсөттү:

1. Мугалимдердин арасында баяндама жүргүзүү кыргыз тили сабагынын гана милдети, кыргыз адабиятынан аны жаздырууга болбойт деген көз караштын басымдуулук кылышы.

2. Кыргыз адабияты программасында сааттарды жазуу иштерине деп бөлүп коюп, ал жерде баяндамалардын конкреттүү көрсөтүлбөгөндүгү.

3. Адабият окуу китептеринин методикалык аппаратында (суроо-тапшырмаларда жана кайталоолордо) дээрлик баяндама жазуу боюнча тапшырмалардын берилбегендиги.

4. Кыргыз адабияты сабактарында колдонуу үчүн баяндамалар жыйнактарынын чыкпагандыгы.

5. Баяндамлар боюнча методикалык колдонмолордун жоктугу, болгондорунун да кыргыз тили предметине гана ылайыкташтырылгандыгы.

6. Кыргыз адабияты сабактарында баяндама жазуунун ишке ашырылбагандыгы, жазуу иштерине бөлүнгөн сааттардын негизгиси дилбаяндарга гана бөлүнгөндүгү.

7. Тексттерди талдоо, үйрөнүү жана түшүнүү учурунда баяндама формасынын пайдаланылбагандыгы.

8. Кыргыз тили жана адабияты мугалимдерин даярдоочу жогорку окуу жайларында баяндаманын теориялык жана практикалык маселелеринин кеңири үйрөнүлбөгөндүгү.

9. Кыргыз адабияты мугалимдеринин баяндамалар боюнча теориялык билиминин жана практикалык көндүмдөрүнүн анчалык жогору эместиги.

10. Баяндаманы алууда жана баалоодо бирдиктүү эрежелердин сакталбагандыгы.

11. Айрым учурда баяндамага тексттердин туура эмес тандалгандыгы, ал материалдардын окуучулардын курак өзгөчөлүктөрүнө, же кызыгууларына ылайык келбегендиги, же болбосо тарбиялык маанилеринин жогору эместиги.

Окумуштуулардын пикири боюнча баяндама төмөндөгү талаптарга жооп бериши керек:

а) баяндама окуучу үчүн чыгармачылык жумуш, ал сөзмө сөз көчүрүүнү эмес, өз алдынча ой жүгүртүп, эркин жазууну талап кылат;

б) окуучу менен мугалимдин биргелешкен ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу – сунуш кылынган текстти өзгөртүп жазууга жетишүү;

в) баяндамада текстте окуя өткөн чакта болсо, учур чакка, же тескерисинче, тексттеги каарман кыз бала болсо аны эркек балага

тиешелүү кылып, же тескерисинче өзгөртүү ж.б.у.с. чыгармачылык иштерди аткарууга жетишүү жөндүү.

Баяндама жаздыруу башталгыч класстарда эле башталып, V-IX класстарда кеңири түрдө жүргүзүлөт. Баяндама жазуу иши окуучулардын кебин өстүрүүгө жана сабаттуу жазууга жардам берип, алардын окуу материалын терең түшүнүүгө көнүктүрөт, чыгармачылык шык-жөндөмүн өнүктүрөт. Ал эми жогорку класстарда дилбаян, доклад, реферат жазууга даярдоочу алгачкы кадам бул – баяндама. Башкача айтканда, окуучулардын тексттеги ойду туура жана ырааттуу берүүсүнө, логикалык ойлоосун өнүктүрүүсүнө булак сындуу. Баяндаманын планы жөнөкөй жана татаал болуп түзүлөрү белгилүү. Жөнөкөй план менен жазууга көнүкпөй туруп, татаал планды сунуш кылуу натыйжа бербейт. Профессор К.К.Сартбаев «изложение - диктант менен сочинениенин аралыгындагы жазуу иштеринин эң маанилүү түрү»- деп белгилейт. Баяндама жаздырууда мугалим төмөндөгү урунттуу учурларды жетекчиликке алуусу керек:

1. Окуучулардын жаза турган тексттин мазмунун туура жана толук түшүнүүсүнө жетишүү.

2. Окуяларды жана фактыларды ирэттүү түрдө билүүсү.

3. Окулган тексттин стилин жазган баяндамасында сактай алуусу.

Баяндаманын материалдары көркөм чыгармалардан, фольклордук материалдардан, илимий-саясий адабияттардан, күндөлүк басма сөз жаңылыктарынан жана башкалардан алынат. Ал окуучулардын жаш өзгөчүлүктөрүнө, класстагы балдардын адабий даярдыгына жараша материалдын көлөмү жана мазмуну ар кандай болушу мүмкүн. Сунуш кылынган текст окуучулардын ой-туюмун, аң-сезимин өнүктүрүүгө багытталып, тарбиялык мааниси терең болушу керек.

Баяндаманы шарттуу түрдө экиге бөлүп кароого болот:

1. Оозеки баяндама.

2. Жазуу түрүндөгү баяндама.

Баяндаманы класста да, үйдөн да жаздыруу ишин жүргүзүү керек. Көбүнчө класста жаздыруу алгылыктуу натыйжа берет.

Баяндама жаздыруу үчүн тандалган тексттин мазмунун балдарга түрдүүчө берүүгө болот:

- текстти мугалимдин окуп берүүсү боюнча жаздыруу;
- текстти балдардын өздөрү окуп чыгуусу боюнча жазуу;
- текстти мугалим доскага жазып, окутуп жаап коюу аркылуу жаздыруу.

Баяндаманы жазууга киришүүгө чейинки даярдык иштер төмөнкү планда жүргүзүлөт:

1. Тексттин мазмунуна карата мугалимдин багыт берүүчү кириш аңгемеси, тексттин окулушу жана мазмундун түшүндүрүлүшү.

2. Сөздүк жана орфографиялык даярдыктар: тексттеги мааниси түшүнүксүз сөздөрдү түшүндүрүү, жазылышы татаал болгон сөздөрдү доскага жазып коюу ж.б.

3. Баяндаманын планы текст экинчи жолу окулгандан кийин анын мазмунун тийиштүү ирееттүүлүктө камтыгандай кылып, доскага жазылат.

4. Тексттин мазмунун план боюнча 2-3 окуучуга оозеки айттыруу жана кемчилигин оңдоо

Мектеп практикасында баяндаманын төмөндөгүдөй түрлөрү бар экендигин өз изилдөөбүздө аныктадык. Алар:

1. Текстти толук жана ирети менен берүү баяндамасы.

2. Кыскача баяндоо баяндамасы.

3. Формасы өзгөртүлгөн баяндама.

Жүргүзгөн изилдөөлөрүбүздүн натыйжаларына таянып төмөндөгү баяндаманын түрлөрүн сунуш кылабыз:

1.Сүрөттөр боюнча баяндама.

2.Эркин темадагы баяндама.

3.Тирек (таяныч) сөздөр аркылуу баяндама.

Баяндаманы текшерүүдө мугалим төмөндөгү учурларды көңүлгө алууга тийиш: 1)Пландын туура түзүлүшү.2)Ойдун ирееттүү жана системалуу берилиши. 3)Сөздөрдүн өз ордуна туура колдонулушу. 4)Сүйлөмдөрдүн синтаксистик жактан туура түзүлүшү. 5) Негизги ойду ажырата билип баяндашы. 6) Орфографиялык, пунктуациялык жагынан сабаттуулугу. 7) Текстке окуучунун өздүк мамилеси.

Баяндамага бир эле баа коюлат. Баяндаманы текшерип бүткөндөн кийин мугалим эң жакшы, жакшы, орточо, начар жазылган үч-төрт ишти ылгап алып, класста окуп берип анализдөөсү керек.

**Экинчи главада** жазуу жумуштарын өткөрүүнүн мазмуну жана формалары, ага үйрөтүүнүн ыкмалары каралган. Дилбаян жаздыруунун негизги максаты- окуучунун оозеки жана жазуу кебин өнүктүрүү, адабий чыгармачылык билимин көтөрүү менен үлгүлүү жүрүш-турушка тарбиялоо. Мына ушуга байланыштуу изилдөөнүн жүрүшүндө анын мазмуну, формасы жана педагогикалык-психологиялык аспектилери боюнча бир катар өзгөчөлүктөрүнө көңүл бөлүндү.

Илимий адабияттарга жана өзүбүздүн жүргүзгөн изилдөөлөрүбүзгө таянып, **сүрөт боюнча, предметтик, улама, конкурстук, олимпиадалык жана башка дилбаяндар** маанилүү экендигин **аныктай алдык**. Диссертацияда аталган багыттардагы дилбаяндардын өзгөчөлүктөрү,

аларды уюштуруунун методикалык өңүттөрү, окуучулардын кетирген кемчиликтери, аларды жоюунун жолдору, дилбаянды анализдөө сабактары жана башка маселелер да каралды. Мындан сырткары, жазуу иштерине үйрөтүүнүн жолдору жана ыкмалары баяндалды.

Диссертацияда мектептерде жүргүзүлүүчү дилбаяндар жана баяндамалар талданып, жыйынтык чыгарылып жана бул багытта экспериментте сыналган методикалык ыкмалардын натыйжалуу жолдору сунушталды. Материалдардын практикалык жагына өзгөчө көңүл буруп, конкреттүү автор-окуучулардын эмгектерин көрсөтүү аркылуу алардын оң жактарына жана кемчиликтерине талдоо бердик. Мугалимдердин жазуу жумуштарды жүргүзүүсүнө байкоо жүргүзүп, алардын типтүү кемчиликтерин талдап, жазуу жумуштарын жакшыртууга мүмкүн боло турган жолдорду сунуш кылдык. Дилбаян жана баяндама канчалык көп жазылса, алар класста талдоого алынып, ийгилик-кемчилдиктери көрсөтүлсө, объективдүү бааланса, ошого жараша окуучулардын кеп маданияты жогорулап, адабий чыгармаларды эстетикалык кабылдоосу тереңдеп, турмуштук түшүнүгү улам жогорулайт. Методикалык сунуштар жаңычыл-мугалимдердин иш тажрыйбалары жана эксперименттин натыйжалары аркылуу жыйынтыкталды жана жалпылаштырылды.

Диссертацияда педагогикалык экспериментти уюштуруу жана анын жыйынтыктары каралган. Педагогикалык эксперименттер үч этапта жүргүзүлүп, анда негизинен төмөндөгүдөй милдеттерди койдук:

1. Окуучуларды жазуу жумуштарына үйрөтүү багытында жалпы абалды аныктоо.

2. Алынган жыйынтыктардын деңгээлин баалоо.

3. Эксперименталдык базаларды тандоо.

4. Эксперимент үчүн тапшырмаларды даярдоо жана методикалык сунуштарды экспериментатор мугалимдерге берүү.

5. Эксперименттин жыйынтыгын иштеп чыгуу жана айрым учурларын кайра тактоо аркылуу жыйынтыктоо.

Изилдөөнүн жүрүшүндө тандалып алынган базалык мектептерге эксперименталдык материалдар таратылып, мугалимдер менен биргелешип иш алып бардык. Эксперимент аркылуу жазуу жумуштарынын сапатын көтөрүү үчүн окуучулар кандай билимди, билгичтикти алдыңкы орунга коерун аныктоо болду, себеби мындай ыкма менен алардын түшүнүктөрүн алуу – мугалимдин кийинки иш жүргүзүүсүнүн негизги багыттарын аныктоочу фактор болуп саналат. Төмөндө ал боюнча окуучулардын ойлору берилет (№1- таблица).

***№1- Таблица***

**Окуучулардын айтуусунда жазуу жумуштарын натыйжалуу жүргүзүү үчүн аларга керек болгон сапаттар *(% менен)***

| | |
|---|---|
| Көркөм адабиятты көп окуу | 37 |
| Дилбаяндарды көп жазуу | 16 |
| Баяндамаларды көп жазуу | 13 |
| Жазуу иштерин мугалимдерге көп көрсөтүү | 9 |
| Орфографиялык сөздүктөрдү туура пайдалануу | 8 |
| Башкалардын жазуу жумуштарын көп окуу | 6 |
| Кошумча адабияттарды колдонуу | 4 |
| Улуулардын жардамын пайдалануу | 4 |
| Интернетти колдонуу | 3 |

Изилдөөнүн алгачкы этабында суроо жүргүзүүгө катышкан 465 окуучунун 37%и талаптагыдай жазуу жумуштарын жүргүзүү үчүн көркөм адабияттарды көп окуу зарыл дешсе, 16% и андан дилбаяндарды көп жазуу менен байланыштырышкан. Ал эми суралгандардын 13%и жазуу жумуштарынын майнаптуулугу деп баяндама жазууга артыкчылык берсе, 9%и жазуу жумуштарын мугалимдерге тынымсыз көрсөтүп туруу гана андай жумуштарды ийгиликтүү ишке ашыруунун шарты экендигин айтышкан. Орфографиялык сөздүктөрдү пайдаланууга 8%, башка окуучулардын жазуу жумуштарын көп окууга 6%, ар кандай кошумча адабияттарды колдонууга 4%, улуулардын жардамын пайдаланууга 4%, интернетти колдонууга 3% окуучулар артыкчылык берет.

Изилдөөнүн жүрүшүндө жазуу иштеринин максатуу жүргүзүлүшү жакшы натыйжа бере тургандыгын педагогикалык эксперименттин жыйынтыгы көрсөттү. Төмөндө окуучулардын класстарды бүтүрүү учурундагы дилбаяндардын жыйынтыгын далилге келтирели.(№2- таблица).

Таблицадан көрүнүп тургандай, биздин сунуш кылган методиканын натыйжасында эксперименталдык топтордо «4» жана «5» алгандар текшерүүчү топторго караганда жогору. Ал эми «эң жаман» баа алгандар текшерилүүчү класстарда эксперименталдык класстарга караганда 2-3 эсе көбүрөөк. Мындай айырмачылыктар биздин сунуш кылган методикалык ыкмаларыбыз натыйжалуу экендигин тастыктады.

***№2- Таблица***

**Окуучулардын класстарын бүтүрүү учурундагы дилбаяндарынын жыйынтыгы**

(баа окуучунун саны жана % менен)

| **Текшерүүчү топ** | | | | | | **Эксперименттик топ** | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Класс** | **«5»** | **«4»** | **«3»** | **«2»** | **Жалпы** | **Класс** | **«5»** | **«4»** | **«3»** | **«2»** | **Жалпы** |
| V | 14 | 61 | 108 | 13 | 196 | V | 24 | 67 | 69 | 6 | 166 |
| | 7,1% | 31,1% | 55,1% | 6,6% | 100% | | 14,5% | 40,4 % | 41,6 % | 3,6% | 100% |
| VI | 21 | 59 | 92 | 16 | 188 | VI | 27 | 62 | 61 | 9 | 159 |
| | 11,2 % | 31,4% | 48,9% | 8,5% | 100% | | 16,9% | 38,9 % | 38,4 % | 5,7% | 100% |
| VII | 18 | 60 | 76 | 21 | 175 | VII | 31 | 64 | 55 | 11 | 161 |
| | 10,3 % | 34,3% | 43,4% | 12% | 100% | | 19,2% | 39,7 % | 34,2 % | 6,8% | 100% |
| VIII | 17 | 49 | 66 | 16 | 148 | VIII | 37 | 59 | 57 | 14 | 167 |
| | 11,4 % | 33,1% | 44,6% | 10,8% | 100% | | 22,2% | 35,3 % | 34,1 % | 8,4% | 100% |
| IX | 19 | 41 | 69 | 22 | 151 | IX | 34 | 42 | 53 | 8 | 137 |
| | 12,6 % | 27,2% | 45,7% | 14,6% | 100% | | 24,8% | 30,6 % | 38,7 % | 5,8% | 100% |
| X | 14 | 54 | 46 | 18 | 132 | X | 31 | 40 | 45 | 12 | 128 |
| | 10,6 % | 40,9% | 34,8% | 13,6% | 100% | | 24,2% | 31,3 % | 35,2 % | 9,4% | 100% |
| XI | 13 | 41 | 43 | 14 | 111 | XI | 27 | 41 | 19 | 4 | 91 |
| | 11,7 % | 36,4% | 38,7% | 12,6% | 100% | | 19,7% | 45,1 % | 20,9 % | 4,4% | 100% |

Бул жерде көрүнүп тургандай, эгерде окуучулар 1-чейректе текшерилүүчү класстарда 56%, эксперименталдык класстарда 58% өздөштүрүп, дээрлик айырма аз (2 гана %) болсо, 2-чейректе айырма 8%ке (59%-67%), 3-чейректе 11%ке (63%-74%), 4-чейректе 13%ке (64%-87%) өсүш берген. Өздөштүрүүнүн өсүшү табийгый түрдө өздөштүрбөгөн окуучулардын санынын азайышына алып келди.

*№3 - таблица*

**Окуучулардын баяндаманы өздөштүрүү деңгээли**

*(чейректер боюнча)*

| Чейректер / Класстар | I чейрек | II чейрек | III чейрек | IV чейрек |
|---|---|---|---|---|
| «А» текшерилүүчү (439 окуучу) | 56% | 59% | 63% | 64% |
| «Б» эсперименталдык (408 окуучу) | 58% | 67% | 74% | 87% |

Окуучулардын билим деңгээлин текшерүүдө биздин негизги ченөлчөмүбүз катарында алардын жазуу жумуштарын (дилбаян жана баяндама) жаза алуусун алдык. Мына ушуга байланыштуу эксперимент жүргүзүү учурунда көптөгөн жазуу жумуштарын окуп, талдап чыктык. Бул ишти жүргүзүүдө ошондой эле сынакчы (экспериментатор) мугалимдердин аналитикалык отчеттору да чоң жардам берди. Ал эми №4-таблицадан окуучулардын жазуу жумуштарын өздөштүрүү боюнча жалпы деңгээлин көрүүгө болот.

*№4-таблица*

**Окуучулардын жазуу жумуштарын өздөштүрүү боюнча деүгээлин аныктоо**

*(класстар боюнча ,% менен)*

| Классы жана саны | Класстар | Жазуу иштерин өздөштүргөндөрдүн саны, пайызы | Жазуу иштерин толук деңгээлде өздөштүрө албай калгандардын саны, пайызы | Жазуу иштерин такыр өздөштүрө албай калгандардын саны, пайызы |
|---|---|---|---|---|
| V класс (112) | Эксперименталдык (48) | 30 – 62,5% | 14 – 29,2% | 4 – 8,3% |
| | Текшерилүүчү (64) | 36 – 56,2% | 20 – 31,3% | 8 – 12,5% |
| VI класс (161) | Эксперименталдык (64) | 44 – 68,8% | 13 – 20.3% | 7 – 10,9% |
| | Текшерилүүчү (97) | 45 – 46,4% | 38 – 39.2% | 14 – 14,4% |
| VII класс (144) | Эксперименталдык (71) | 47 – 66,1% | 18 – 25,4% | 6 – 8,5% |
| | Текшерилүүчү (73) | 29 – 39,8% | 32 – 43.8% | 12 – 16,4% |
| VIII классс (131) | Эксперименталдык (67) | 43 – 64,2% | 16 – 23.9% | 8 – 11,9% |
| | Текшерилүүчү (64) | 18 – 28,1% | 27 – 42,2% | 19 – 29,7% |
| IX класс (94) | Эксперименталдык (46) | 34 – 73,9% | 8 – 17,4% | 4 – 8,7% |
| | Текшерилүүчү (48) | 20 – 41,7% | 17 – 35,4% | 11 – 22,9% |
| X класс (97) | Эксперименталдык (51) | 29 – 56,8% | 14 – 27.5% | 8 – 15,7% |
| | Текшерилүүчү (46) | 16 – 34,8% | 18 – 39,1% | 12 – 26,1% |
| XI класс (108) | Эксперименталдык (61) | 41 – 67,2% | 11 – 18% | 9 – 14,8% |
| | Текшерилүүчү (47) | 18 – 38,3% | 17 – 36,2% | 12 – 25,5% |

Таблицадан эксперименталдык класстарда жазуу жумуштарын толук өздөштүргөн окуучулар эки эсе көп болсо, текшерилүүчү ласстарда өздөштүрбөгөндөр эки эсе арбын. Мындай айрымачылыктар биздин сунуш кылган методикалык ыкмаларыбыз натыйжалуу экендигин жана аларды мектеп практикасында колодонууга боло тургандыгын тастыктады.

## ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ

Изилдөөнүн жүрүшүндө теориялык материалдарды, алдыңкы тажрыйбаларды талдоо, педагогикалык эксперименттин натыйжалары төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга жана сунуштарды киргизүүгө мүмкүндүк берди:

1. Дилбаян жана баяндама жазуу мектеп практикасында көп жылдардан бери колдонулуп келе жатса да, бул багытта жетишерлик түрдө изилдөөлөрдүн жүргүзүлбөгөндүгү, илимий багыттын системага салынбагандыгы кыргыз мектеп бүтүрүүчүлөрүнүн сабаттуулугуна таасирин тийгизүүдө.

2. Жазуу жумуштарынын өз деңгээлине жетпей жатышынын негизги себептери:

— келечектеги мугалимдердин дилбаян жана баяндама жазуу практикасынын калыптанбагандыгы;

— жазуу жумуштары боюнча илимий-методикалык изилдөөлөрдүн жетишерлик жүргүзүлбөгөндүгү, бул багытта китептердин аздыгы;

— дилбаяндар жана баяндамалар жыйнактарынын чыгарылбагандыгы, окуучулар арасында ар кандай конкурстардын жеткиликсиз өткөрүлүп жаткандыгы;

— окуу программаларындагы жазуу жумуштарына бөлүнгөн сааттар боюнча окуу китептеринде материалдардын берилбегендиги;

— ата-энелердин жазуу жумуштарына кайдыгер карап, мектеп окуучуларына практикалык жардам бере албагандыгы;

— кыргызча интернет-сайттарда жазуу жумуштары, аларды үйрөтүүнүн технологиялары боюнча материалдардын жоктугу ж.б.

3. Дилбаян жана баяндама жазуу жумуштарын пландуу, ыраттуу жүргүзүп, сабакта жана класстан тышкаркы учурларда бирдей көңүл бурганда гана натыйжа берет.

4. Жазуу жумуштары – чыгармачылык эмгек, мугалим менен окуучунун бирдиктүү, максаттуу ишмердүүлүгүнөн гана жарала турган, узакка созулуучу көнүгүүгө, үйрөнүүгө мүмкүн болгон чыгармачылык жигердүүлүк.

5. Жазуу жумуштары - окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн калыптандырууга багыттаган, алардын психологиясына таасир этүүчү билим берүүнүн алгылыктуу формасы.

6. Жазуу жумуштары - окуучуларды текстти туура түзүүгө, жаңы сөздөрдү издеп таап, туура колдонууга, кеп маданиятын калыптандырууга багытталган чыгармачылык.

7. Окуучулар жазган жазуу иштерин тынымсыз редакциялоо, рецензиялоо, авторецензиялоо жумуштары – максатка жетүүнүн башкы булагы.

8. Жазуу жумуштарын үйрөтүүнүн методикасын өркүндөтүү үчүн биз төмөнкүдөй сунуштарды киргизебиз:

— адабият программасында жазуу жумуштарына бөлүнгөн сааттар конкреттештирилсе;

— окуу китептеринин методикалык аппаратында жазуу жумуштарынын тематикалары, жанрлары, формалары көрсөтүлсө;

— жазуу жумуштары боюнча методикалык эмгектер, мугалимдердин иш тажрыйбалары, ар кандай жыйнактар, олимпидалык дилбаяндардын топтомдору чыгарылса;

— дилбаян жана баяндама жазуу боюнча орус методисттеринин эмгектери кыргыз тилине которулуп берилсе;

— массалык-маалымат каражаттарында үлгүлүү дилбаяндар жарыяланса ж.б.

Диссертацияда жазуу иштеринин эки формасына (дилбаян жана баяндама) токтолуп, жалпы билим берүүчү орто мектептерде кыргыз адабиятынан жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн методикалык негиздерин изилдөөгө, талдоого аракеттендик. Жазуу ишинин башка түрлөрүн конкреттештирип иликтөө келечектин иши деп ойлойбуз.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөндөгү иштерде чагылдырылды:**

1. Адабиятты окутуу методикасынын илим катары телчигүү мезгили.// Вестник НГУ. -Нарын, 2002.-Вып.3. -138-142-б.

2. Окуучулардын адабий билимин өркүндөтүүдө жазуу иштеринин ролу.//К Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин жарчысы.- Каракол, 2005.- № 9. -228-231-б.

3. Сынактык дилбаяндар. //И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. Сериясы: Педагогика жана психология. -Бишкек, 2006. 4- чыгарылышы. -37-39-б.

4. Окуучуларга үйдүк дилбаяндарды жаздыруунун өзгөчөлүктөрү.//И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик

университетинин жарчысы. Сериясы: Педагогика жана психология. - Бишкек, 2006. 4- чыгарылышы. -39-43-б.

5 Изложение- мектептерде жүргүзүлүүчү жазуу жумуштарынын бири.// Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы.Серия 1, чыгарылышы 4–Бишкек, 2006. -187-189-б.

6. Дилбаяндын адабий- методикалык негиздери жөнүндө. // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы.Серия 1, чыгарылышы 4. –Бишкек, 2006. -341-344-б.

7.Изложение жазууга үйрөтүүнүн жолдору жана ыкмалары. // Кыргыз тили, кыргыз адабияты жана аларды окутуу:Макалалар топтому,1-чыгарылыш. –Бишкек.2007. -12-18-б.

8.Изложение жана алардын айрым түрлөрү.// Кыргыз тили, кыргыз адабияты жана аларды окутуу: Макалалар топтому, 1-чыгарылыш. –Бишкек. 2007. -18-25-б.

9.Жазуу жумуштарын уюштуруудагы алгачкы аракеттер. //«Образование в XX1 веке: традиции, проблемы, перспективы». Материалы научно-практ. конф.: посвященной 75 летию сш.№2 им. В.П.Чкалова, г.Нарына. –Нарын.-2007. -№1.-104-109-б.

10.Сочинение- окуучулардын билимин көрсөтүүчү күзгү. //И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. Сериясы: Гуманитардык илимдер .- Бишкек, 2007.10- чыгарылышы.-253-255-б.

**Аман кызы Бакытгүлдүн "Мектепте адабиятты окутууда жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн илимий-методикалык негиздери" аттуу 13.00.02-окутуунун теориясы жана методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына**

## РЕЗЮМЕ

**Түйүндүү сөздөр:** жазуу жумуштары, окуу планы, окуу программалары, окуу китептери, дилбаян, баяндама, окутуу процесси, талдоо, окутуунун теориясы жана методикасы.

**Изилдөөнүн максаты:** Мектепте адабиятты окутууда жазуу жумуштарын жүргүзүүнүн жана аларды өркүндөтүүнүн илимий негизделген методикасынын системасын иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн объектиси:** Орто мектептердеги кыргыз адабияты предметин окутуу процессиндеги жазуу жумуштары.

**Изилдөөнүн предмети:** Орто мектептерде кыргыз адабияты сабагында жүргүзүлүүчү жазуу жумуштарынын мазмуну жана системасы, алардын илимий-методикалык негиздери.

**Изилдөөнүн методдору:***1)Теориялык:* философия, психология, педагогика, адабияттаануу, адабиятты окутуунун методикасы боюнча эмгектерге теориялык анализ жүргүзүү. *2) Педагогикалык:* окуучулардын жазуу жумуштарын талдоо; мугалимдердин жазуу жумуштарын жүргүзүү, текшерүү, баалоо процесстерин үйрөнүү; сабактарды талдоо; окуучуларды, мугалимдерди сурамжылоо, аңгемелешүү өткөрүү; окуу программаларын, окуу китептерин анализдөө. *3) Эксперименталдык:* педагогикалык экспериментти уюштуруу жана өткөрүү; *4) Статистикалык:* жеке тажрыйбабызды, педагогикалык эксперименттин материалдарын талдоо жана жалпылоо.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:** Диссертацияда жазуу иштерин жүргүзүүнүн тарыхы, учурдагы абалы изилденип, анын түрлөрү, системасы, ага баа берүүнүн ыкмалары, талдоого коюлган талаптар аныкталып, аларды өткөрүүнүн жана өркүндөтүүнүн методикасы илимий жактан негизделип, алгылыктуу технологиялар сунуш кылынды.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** Изилдөөдө берилген материалдарды, корутундуларды жана сунуштарды окуу программаларын, окуу китептерин түзүүчүлөр, методикалык колдонмолорду жазуучулар, кыргыз тили жана адабияты сабагынын мугалимдери колдонсо болот.

**Резюме**

**диссертации Аман кызы Бакытгул на тему : "Научно-методические основы проведения письменной работы на уроках литературы в школе" на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.02- теория и методика обучения (кыргызская литература)**

**Ключевые слова:** письменные работы, сочинение, изложение, учебный план, учебная программа, учебники, процесс обучения, метод, анализ, теория и методика обучения.

**Цель исследования:** разработка и научное обоснование систем методики проведения и совершенствования письменных работ в процессе обучения литературы.

**Объект исследования:** проведение письменных работ в процессе обучения кыргызкой литературы в общеобразовательной школе.

**Предмет исследования:** содержание и система письменных работ проводимых в общеобразовательной школе по кыргызской литературе и их научно-методические основы .

**Методы исследования:**

*1.Теоретический:* изучение и анализ педагогической, психологической, философской, литературоведческой, методической литературы.

*2.Педагогический*: изучение и анализ письменных и устных работ учащихся, учебных программ, учебников, методической литературы, опыт учителей, анализ уроков, изучение методики проведения, проверка и оценка письменных работ учащихся.

*3. Экспериментальный:* организация и проведение педагогического эксперимента.

*4. Статистический*: разбор и обобщение материалов педагогического эксперимента.

**Научная новизна исследования.** Исследованы история и современное состояние проведения письменных работ, определены их виды и системы, требования к анализу письменным работам, разработаны научно-методические основы проведения письменных работ в школе по литературе и рекомендованы учителям приемлемые технологии их проведения.

**Практическая значимость** исследования заключается, что изложенные в работе материалы, выводы и рекомендации могут быть использованы разработчиками учебных программ, составителями учебников, авторами методических пособий а также учителями школ.

**The resume**

**of dissertation Aman kyzy Bakytgul on a theme «Scientific –methodical base of writing works at school literature lessons », on competition of a scientific degree candidate of pedagogical science on specialty 13.00.02- theory and methods of teaching (Kyrgys literature).**

**The keys words:** writing works, composition, exposition, curriculum, teaching programs, textbook, teaching process, upbringing , method, educational process analyze, theory and methods of teaching.

**Purpose of the research :** The eloboration and scientific foundation system of methods conducting and developing writing works on literature in teaching prosess.

**Object of the research :** carrying out writing works on kyrgys literature at school in teaching process.

**Subject of the research:** The content and system of writing works at school and the scientific methodical base.

**Methods of research:**

*1.The theoretical:* learning pedagogical, psychological, philosophical, literatures on theme of the research and their creative judgement, the analyses.

*2. Pedagogical*: studying the experience of teachers, learning and analysing writting and oral works of pupils, teaching program, text books, methodical books, teachers experiments, analysis of the lessons, check and mark writing works.

*3. Experimental:* organization and training of pedagogical experiment.

*4. Statistical*: analysis and generalizing materials of pedagogic experiments.

**Scientific novelty of research.** In dissertation were researched the history and modern conditions of writing works, formed their system of analyzing writing works, eloborated scientific –methodical base of carrying writing works out on literature and recommended to the teachers their technology.

**Practical value of research.** The materials conclusions were given in the dissertation can be used by the teachers of kyrgys literature by the authors of text books and programs, by methodical conclusion writers